**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛУСУ**
**ЖУМГАЛ РАЙОНУ**
**КЫЗЫЛ-ЖЫЛДЫЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ДЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КЫЗЫЛ-ЖЫЛДЫЗСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

Кызыл-Жылдыз айыл аймагынын айылдык кеңешинин V чакырылышынын кезектеги 12-сессиясынын
ТОКТОМУ № 5-12-5

2022-жыл 2-марты Кызыл-Жылдыз айылы

**Кызыл-Жылдыз айыл аймагында ички тартипти киргизүү жөнүндө**

Кызыл-Жылдыз айыл аймагынын тургундарынын жана чабандардын сунушун угуп жана талкуулап Кызыл-Жылдыз айылдык кеңеши,**токтом кылат:**

1.Кызыл-Жылдыз айылындагы элдин малын баккан малчылар ар бир баш кой, эчкиге жайкысын 40 (кырк) сомдон, кышкысын 45( кырк беш) сомдон, бодону жайкысын 400 (төрт жүз) сомдмон, кышкысын 450 (төрт жүз элүү) сомдон багышсын жана жоголгон мал үчүн базар баада төлөп берүү жагы ар бир чабанга милдеттендирилсин.

2.Жаздоого 20-апрелден калбай, жайлоого 25-майдан кеч эмес көчүрүлсүн.

3.Жайлоодон ысык отко 20-сентябрдан эрте көчүп келишпесин.

4.Бодо малдарды жазында чабанга кошоордо малдын эмдөөдөн өткөн маалымадамасы кошо берилсин.

5.Кызыл-Жылдыз айылынын жайыт пайдалануучулары жогорудагы эрежени бузса, Кыргыз Республикасынын «Бузуулар» кодексинин 183-беренеси боюнча төртүнчү категориядагы айып пул салынаары эскертилсин.

6.Бул токтомду көзөмөлгө алуу жагы айыл өкмөт башчысы Дуйшенбек уулу Амангурга милдеттендирилсин.

**Төрага:** **Жолдошбек уулу Жоодар**